Кыргыз Республикасынын мамлекеттик патенттик –техникалык китепканасы
Справкалап –маалыматтап тейлөө бөлүмү

# Кыргыз Республикасында мал өстүрүүнүн: абалы жана өнүгүү келечеги.

Обзордук маалымат

Бишкек-2011

Кыргызстан үчүн мал өстүрүү башкы социалдык- экономикалык мааниге ээ. Мал өстүрүүнү өнүктүрүүдө жаратылыш - климаты жана салттуу тарыхый шарттарына, жайыттардын көбү буга ыңгайлашкан.

Справкалап –маалыматтап тейлөө бөлүмү төмөнкү темада обзордук маалыматты даярдаган:

Кыргыз Республикасында мал өстүрүүнүн: абалы жана өнүктүрүү келечеги.

Обзор жергиликтүү басманын негизинде даярдалып, справкалык-маалыматтык материалдарды өз ичине камтып төмөнкү бөлүмдөрдөн турат:

1.Кыргыз Республикасында мал өстүрүүнүн жалпы абалы;

2.Кыргызстанда кой өстүрүү;

3. селекциялык-тукумдандыруу иштери;

4.Тармактарды өнүктүрүү келечеги;

5.Колдонулган адабияттардын тизмеси.

Колдонулган адабияттардын тизмеси менен МПТКдан төмөнкү адрес боюнча тааныша аласыздар: Бишкек шаары, пр.Эркиндик, №58а, 221 бөлмө.

т.66-46-59.

e-mail:gptbkr@ rambler.ru.

Түзгөн:Поляхова О.В.

Которгон: Жумалиева Т.Ө.

## Кыргыз Республикасында мал багуунун жалпы абалы

Кыргызстанда мал багуу бирден-бир алдыңкы айыл-чарба тармагы болуп саналат. Айыл-чарбада анын валдык продукциясынын үлүшү 47,5%ти түзөт. Өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүндө айыл-чарба жандыктары жана малдын бардык түрлөрүнүн өнүгүүсүнүн жогорулоосу чоң мааниге ээ.

Келечекте мал багууну, эт жана сүт берүүчү жандыктарды, жүн жана эт берүүчү койлорду өнүктүрүүнүн артыкчылык багыттарына ээ боло алышат. Бул продукция жеке эле ички талаптарды канааттандырбастан, тышкы базарга өтүү мүмкүнчүлүгүн да пайда кылат. Акыркы жылдарда республиканын агрардык секторунда малдан алынуучу продукцияны өнүктүрүүнүн өсүү тенденциясы байкалган. Малдан алынган продукциянын өсүү темпи, анын малдын бардык түрлөрүнүн өсүүсүнө жана селекциялык - тукумдандырууну өнүктүрүү иштерин жакшыртууга байланыштуу.

Ошентип 2010-жылы 1- январга абалы боюнча республикада 1278.1 миң ири мүйүздүү мал, 61,3 миң чочко, 4815,5 миң кой жана эчки, 373,0 ат, ар түрдөгү 4,5 млн. ашык канаттуулар бар. Ири мүйүздүү жандыктардын, кой жана эчки,жылкылардын көбү дыйкан чарбаларына, чочко жана үй канаттуулары калктын жеке көмөкчү чарбаларына таандык. Былтыркы жылы эт өндүрүү кыскаргандыгы татаал эпизотикалык абал менен байланышкан. Азыркы учурда калктын жеке короосунда жана кооперативдик чарбаларда этке болгон талаптын күчтүүлүгүнөн, малды азыктандырууну уюштуруу жана малдын көлөмүн 10-15%ке жогорулатуу тенденциясы байкалат.

Эт жана сүт өндүрүүдө Чүй областындагы “МИС”, “Кировец”, Ыссык-Ата районундагы, Аламүдүн районундагы “Ветка”, “Косс”, “Рассвет”, Сокулук районундагы, “Ильичтин осуяты”, Ф.Энгельс атындагы жана Москва районундагы “”Россия”, Аксуй районунда, Ысык-Көл областында “Заря” жана Ош областында Карасуу районунда “Абубакир” кооперативдик чарбалары чоң салымдарды кошушту. Мал чарбачылыгын өстүрүү менен жогорку сапаттагы

азык-түлүк өндүрүү өндүрүш технологиясын көзөмөлдөөсүз болбойт, азыркы талапка жооп берген селекциялык-асыл-тукумду жогорку денээлде, камсыздоо жана жандыктарды бардык керектүү азыктар менен азыктандыруу керек.

Үйүрдү багып чыгарууда жаш малдарды багуу технологиясын колдонбоо, коопсузданууга алып келет.

Изилдөөнүн жыйынтыгында мал чарбасынын экономиалык абалы калыбына келтирилген, анда бир топ жетишпестиктер эмгек өндүрүмдүүлүгүн төмөндөтүүгө алып келген жана өндүрүш технологиясын көзөмөлдөбөгөндүктөрү байкалган. Селекциялык–асыл тукумдандыруу иштерин жакшыртуу үчүн керектүү каражаттар менен базалык чарба түзүлгөн эмес, малдарды жасалма жол менен уруктандырууну, сапаттуу продукцияны ишке ашыруу жана изилдөө үчүн да жакшы шарттар жок.

Мунун натыйжасында азыркы кезде экономикалык реформанын бир топ эффективдүүлүгүнүн шартында экономикалык уюштуруу механизми болот, ал мындай процесстердин өнүгүүсүн бириктирип, көзөмөлдөп бир структурага киргизишет:

-мамлекеттик эмес инвестицияны агрардык секторго тартуу;

-инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу;

-даяр продукцияны сатуу;

-инвестицияланган каражаттарды кайрып берүү.

## Кыргызстанда кой багууну өстүрүү

Кыргызстан жүндүү койлордун, Тяньшан жарым жүндүү, эттүү жана жергиликтүү кыргыз койлордун мекени болуп саналат.

Гиссар койлору жана бир канча казак эдильбайлары көбөйтүлүүдө.

2006-жылы айыл-чарба, суу- чарба жана өнөр жай министрлигинин буйругу менен жаңы- кыргыз тоо меринос тукуму бекитилген, ал кыргыз уяң жүндүү тукуму менен Австралия мериносунун негизинен алынган. Бул

тукумдардын түрү ар кандай түрдөгү жүндөрдү алуу үчүн негизгилер болуп саналат.

- Ичке жүн жана анын жогорку сапаттагы категориясы- меринос, жарым уяң жүндүү.

Бир канча сандагы тыбыт да өндүрүлүп ага чет өлкөлүк кардарлар да кызыгышууда. Койдун этин экспорттоо мүмкүнчүлүгү болсо да, жергиликтүү базарда гана сатылып келет.

Койдун терилери жергиликтүү кайра иштетүүчүлөрдүн жардамы менен иштетилип анчалык деле каражат булагы болуп саналбайт.

Калк үчүн кой өстүрүү тармагы салтка ылайык, республика үчүн өзүнүн өндүрүшү жана койдон алынган продукцияны экспорттоо айкын. Кыргызстандын калкы үчүн кой чарбасы маанилүү экенин эске алып, ар кандай жактарга жана ирмемдерге өзгөчө көңүл буруу керек. Азыркы учурда кой чарбасынан алынган продукцияны өндүрүү системасы бузулган. Көпчүлүк чарбалар эркин өнүгүп келишет. Бул мамиледе башкы ролдо, продукцияга болгон бааны түзүү болуп саналат.

Бул абалдын баары суроо алдында турат, анткени чарбанын ички мамилелери жана кайра иштетүүчүлөрдүн системасы бузулган, өкмөт тарабынан жүн жана азык-түлүк кайра иштетүүгө көзөмөл салынган эмес. Ири инвесторлор жана менчик капитал болсо да, бул система сырьёну бардык тизмек менен пайдалануу системасынын, так механизмине ээ болуусу керек. Азыркы учурда жасалма жол менен тукумдандыруу пунктарына урук жеткирүү системалары өз ишин токтоткон. Жасалма койлорду уруктандырууга керектүү каражаттар жана шаймандар ветеринардык аптекаларда жок же жетишсиз. Жүндү кайра иштетүү жана өндүрүү мамлекеттин жана өкмөттүн алдында бир катар салык жана бажы пошлиналары боюнча бир катар суроолорду жаратат. Жүндү даярдоо убагында демпингге каршы саясатка буруу керек. Өзгөчө орунда жергиликтүү айыл-чарбасында ветеринардык тейлөө турат. Көбүнчө кожоюн менен ветеринардын ортосунда түз байланыш жок. Жетиштүү вакциналар жана препараттар жок. Диагностика кызматы дайыма

эле иштей бербейт. Жыйынтыгында койлордун жалпы адамдар менен оорулары жайылууда.

Жандыктар ооруганда эмне кылуу керектиги жөнүндө так көрсөтмөлөр берилген эмес. Көпчүлүк дарылоого керектүү каражаттар жок.

Койлорду жана эчкилерди көбөйтүүдө берилген суроолор көп. Баардык уюштуруу иштерине мамлекет тарабынан акча талап кылынбайт, тармакты илимий камсыздандыруудан башка ветеринардык абалдын эң башкы позициясы өтө коркунучтуу иньекцияларга жана жерди бөлүштүрүүнү, пайдаланууну көзөмөлдөөгө байланыштуу.

Мындай учурда кой жана эчки өстүрүү боюнча бирдиктүү борборду түзүү сыяктуу кайрып берүү каражаттарын салуу керек. Чоң ролду башка жактан келген гранттар жана инвесторлор ойнойт.

Табигый жыйынтыктардын көпчүлүк басымдуулугун кой жана эчкилердин болушу менен белгиленет жана ошого жараша уюштуруу деңгээлин бүтүндөй талап кылат.

## Мал чарбасында селекциялык – тукумдандыруу иштери.

Республикада селекциялык-тукумдандыруу иштерине көп көңүл бөлүнүүдө. Азыркы учурда айыл –чарба өндүрүшүндө жергиликтүү жаратылыш климатынын шартка ыңгайлашкан жеке ылгамалуу жандыктар пайдаланылат. Бул кыргыз жүндүү, тяньшан жарым уяң жүндүү, алай жарым уяң жүндүү койлор.

Эчкилер кыргыз тыбыт жана кыргыз жүндүү тукумдар; ири мүйүздүү малдар- алатоо жана аулиэатин тукумдары; ат - жаңы кыргыз тукуму; канаттуулар “родонит” жана кыргыз тооктор тукуму.

Тукумдуу мал чарбасы өзүнө 10 мамлекеттик тукум заводун камтыйт (ГПЗ) же субьектилердин жалпы санынын 5% түзөт, 10 фермердик тукумдандыруу заводун (ФПЗ) же 5%, 18 фермердик тукумдандыруу

чарбасын (ФПХ) же 10% жана 145 тукумдандыруу фермасын же республикада тукумдандыруу субьектилеринин 80%түзөт. Азыркы этапта ылгамалуу иштерди ГПЗ аткарат. Бул эки мамлекеттик тукмдандыруу заводу, ал алатоо тукумун өстүрүү боюнча жана малдын гомитинофиз түрүн өстүрөт, кыргыз уяң жүндүү койлорду өстүрүүдө 4 завод жана тяньшан тукумун өстүрүү боюнча 1 завод бар. Республикада ири мүйүздүү малдарды өстүрүү боюнча 65 тукумдандыруу субьектиси эсепке алынган, топоздорду көбөйтүү боюнча 7 субьект, койду көбөйтүү боюнча 8, атты көбөйтүүдө-38 жана канаттууларды көбөйтүүдө 5 субьект, аралаш-12 субьект бар. Акыркы жылдарды тукумдандыруу мал чарбасында австралия мериносу көбөйтүү боюнча тукумдар үйүрү түзүлгөн, кыргыз койлорунун жана тыбыттуу эчкилердин саны көбөйтүлгөн.

Ири мүйүздүү эт жана көп сүт берүүчү тукумду көбөйтүүнүн программасы иштелип чыккан. Топоздор жана эттүү жаңы кыргыз жылкылары көбөйтүлгөн. Азыркы учурда жана келечекте айыл чарбасында мал чарбачылыкты жакшыртуу жана көтөрүү керек.

Баарынан кой жана эчкинин башы көбүрөөк болуп 31-33%ти ээлейт, канаттуулар-32%, ири мүйүздүү малдар 24% жана төмөнкү сапаттагы аттар жана чочколор-14 20%ке ылайык келет. Бул багытта маанилүү иш алып баруучу “Борбордук – азия тукум сервис ЛТД” (БАТС), ал Кыргыз Швецариянын колдоосу менен түзүлгөн агропроект “Хельветас”.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында 30 ка жакын, мал чарбасында малдардын тукумдарын жакшыртуу программасы жүзөгө ашырылып, баары Швецариядан келген малдардын жогорку сапаттагы укуктары менен камсыздандырылган. Республиканын областарында жасалма тукумдандыруунун 80ден ашык пунктары уюшулган, ал Европа жана Америкадан келген букалардын тукумдары. Андан тышкары МТЧ “Элита” биохранилищадагы болгон генетикалык матералдарды колдонуу керек. Тукумдандыруу системасын түзүү иштерин мамлекеттик тукумдандыруу заводдору менен башташ керек. Асыл тукум заводунун белгилүүлүгү

жандыктарды асылдандырууда ийгиликтүү жана  белгилүү жеңилдиктердин болуусу керек. Асыл тукумдандыруунун бардык иш кагаздары бир калыпка келтирилиши керек жана компьютердик техниканы пайдалануусу керек МТЗда мал башынын төмөндөөсүнө жол бербөө керек. КРАИ ар кандай койдун породаларын  кармоого жол  бербейт. Жасалма жол  менен уруктандыруу эле колдонулат. Жөнөкөй эле мамлекеттик заводдордун менчиктешип кетиши койлорду өстүрүү жеке адамдардын колуна тапшырылып, тажырыйба көрсөткөндөй бардык тармакты кыйроого учуроосуна алып келет.

## Тармактын өнүгүү келечеги

Мал чарба тармагын андан ары өнүктүрүүдө негизги маселелер болуп:

- мал чарбасында эпизотикалык  жетишкендиктерди камсыздандырып жана профилактикалык жана эпизотикалык каршы чараларды өз убагында  өткөрүү боюнча мамлекеттик иштерди жана ветеринардык кызматтарды күчөтүү;
- үйүрлөрдү жакшыртуунун эсебинен малдардын жана канаттуулардын башын 3-4%ке жогорулатуу, анын ичинде ИММ жаштардын 80-85%ке жана майда жандыктарды 95-100%ке көбөйтүү;
- жасалма тукумдандырууну түзүү жана баалуу генетикалык материалдарды пайдалануу пунктарын түзүү жана ошондой эле жаңы зооветсервистерди түзүү.
- чет элдик инвесторлорду жана ресурстарды тартуу (Канаттууларды, чочколорду, эчкилерди  ж.б өстүрүү боюнча);
- тукумдуу малдарды өстүрүүдө селекциялык-тукумдандыруу иштерин терең өнүктүрүү, болгон породаларды жайылтуу жана жогорку продуктивдүү түрлөрүн түзүү:

Акыркы жылдарда көп көңүлдү малдардын инфраструктурасын өнүктүрүү багытында илимий изилдөөнү өткөрүү, жайылтуу жана билгендерин айтып берүү керек. Айыл чарба өндүрүшүнүн жакшы жагы, өсүмдүк өстүрүүгө караганда анын кирешелүүлүгүн шарттаган. Бирок экөө бирдей болмоюнча агрардык секторду жакшыртууга болбойт. Мал өстүрүү стабильдүү ролду ойноосу керек, ал өсүмдүк өстүрүүнүн түшүмсүздүгүн актоого тийиш.

## Колдонулган адабияттардын тизмеси


1. КРнын мыйзамы 26.05.2009г. №166 "КРнын айыл чарбасын өнүктүрүү жөнүндө" НАКР.-2009.-№23.-С.5.

2. КРнын мыйзамы 27.04.2009г №133 "КР мал чабасында тукумун көбөйтүү иштери жөнүндө" //накр.-2009.-№20.-С.10-13

3. Амиров Т.К. Экономические показатели производства животноводческой продукции в Баткенской области //Вестник КРСУ.-2010.-т.10,№7.-С.40-44.

4. Джаилов Дж., Абилкасым К. Тенденции и перспективы развития сельского хозяйства КР// Реформа.-2006.-№1.-С 31-34.

5. Животноводство. Состояние и перспективы отрасли // АКИpress.-2008.-№7.-С7-9.

6. Калманбетова Г.Т. Состояние и перспективы развития животноводства в КР. В кн.: Стратегия экономического развития в условиях модернизации.-Б.:БГУ,2010.-137-145.

7. Лухищина Е. Овцоводство в Кыргызстане //АКИpress.-2008.-№7.-С10-14
.
8. Ополитике в аграрном секторе//АКИpress.-2008.-№7.-С.25-29.

9. Садыгалиев У. и другие. Эффективность производства в крестьянских (фермерских) хозяйствах // Экономика и стасистика.-2009.№3.-С.22-27.

10. Хурова З.Я Вопросы интенсивного ведения скотоводства в условиях переходного этапа//Вестник КРСУ.-2010.-т.10,№4.-С.19-22.